УДК 070.19 (= 512. 154) (575. 2)

# ЖАНРОВЫЕ, СОДЕРЖАТЕЛЬНЫЕ И ЯЗЫКОВЫЕ ОСОБЕННОСТИ КЫРГЫЗОЯЗЫЧНОЙ ПЕРИОДИЧЕСКОЙ ПЕЧАТИ В ГОДЫ НЕЗАВИСИМОСТИ КЫРГЫЗСТАНА

*К.К. Какишов*

Рассматриваются проблемно-тематические направления, жанровые и языковые особенности материалов кыргызоязычных печатных СМИ. Процесс глобализации в мире повлиял на жанровую структуру изданий, творческие стандарты деятельности журналистов. В процессе внедрения демократических принципов и рыночных отношений в кыргызской журналистике развитие получили информационные и аналитические жанры, а такие художественно-публицистические жанры, как памфлет и фельетон практически не используются. На сегодняшний день информация в печатных СМИ выступает как коммерческий продукт. Поэтому для привлечения своей читательской аудитории, редакции газет публикуют авторские позиции и оценочные информации, которые выражаются экспрессивной тональностью сообщений, политическим сарказмом.

*Ключевые слова:* информационные и аналитические жанры; художественно-публицистические жанры; периодическая печать; СМИ; общественно-политические газеты; информационно-развлекательные газеты.

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК ЖЫЛДАРЫНДАГЫ КЫРГЫЗ ТИЛДҮҮ МЕЗГИЛДҮҮ БАСЫЛМАЛАРДЫН ЖАНРДЫК, МАЗМУНДУК ЖАНА ТИЛДИК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*К.К. Какишов*

Илимий макалада кыргыз тилдүү гезит жана журналдардын проблематикалык жана тематикалык багыты, жанрдык жана тилдик өзгөчөлүктөр каларган. Учурдагы ааламдашуу процесси мезгилдүү басма сөздөн жанрдык структурасына, кабарчылардын чыгармачылык стандарттарына өз таасирин тийгизди. Демократиянын жана базар экономикасынын принциптерин өнүктүрүүдө республикада маалыматтык жана аналитикалык жанрларга басым жасалып, памфлет жана фельетон сыяктуу адабий-публицистикалык жанрлар гезит беттеринде колдонулбай калды. Бүгүнкү күнү мезгилдүү басылмаларда маалымат коммерциялык товар катары каралып келүүдө. Ошого байланыштуу гезиттер өзүнө окурмандарды тартуу максатында эспрессивдүүлүк менен айырмаланган маалыматтарды чыгарып, саясий сарказмды жана автордук позицияны колдонушууда.

*Түйүндүү сөздөр:* маалыматтык жана аналитикалык жанрлар; адабий-публицистикалык жанрлар; мезгилдүү басылмалар; ЖМК; коомдук-саясий гезиттер; маалыматтык-көңүл ачуучу гезиттер.

# GENRE, CONTENT AND LANGUAGE PECULIARITIES OF THE KYRGYZ-LANGUAGE PRINT MEDIA IN THE PERIOD OF INDEPENDENCE OF KYRGYZSTAN

*K.K. Kakishov*

The article deals with problem and thematic areas, genre and language peculiarities of Kyrgyz-language print media materials, as well as the creative image of publications. Globalization of the world has predetermined the genre structure of publications, creative standards for the activities of journalists. During the implementation of democratic principles and market relations, the republic has witnessed the development of information and analytical genres. Pamphlet, feuilleton are practically not used. Today information in print media acts as a commercial product. Therefore, in order to attract its readership, the editorial offices of newspapers publish author’s positions and evaluative information, which are expressed by the expressive tone of the messages, political sarcasm.

*Keywords:* informational and analytical genres; fiction and journalistic genres; periodicals; media; social and political newspapers; infotainment newspapers.

Кыргызстанда эгемендүүлүк мезгили башталгандан кийин социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн таасири жана базар экономикасынын мамилелеринин өнүгүүсү менен журналистика тармагында орчундуу өзгүрүүлөр киргизилет. Жанрдык курамдын, тексти жазуудагы тил менен стилдин өзгөрүүсүнүн негизги себептери батыш журналистикасынын иштөө принциптерин, жанрларын өздөштүрүү менен байланышкан. Ага ылайык гезит-журналдарда батыш журналистикасынын стандарттарына ылайык маалыматтык жана аналитикалык жанрлар өзгөчө орунду ээлеп баштайт. Айтор, ааламдашуу процесси басылмалардын жанрдык составына, кабарчылардын

чыгармачылык стандарттарына өз таасирин тийгизүүдө. Ошентип кыргыз журналистикасында өзгөчө маалыматтык-аналитикалык жанрлар өнүгүп, ал эми адабий-публицистикалык жанрлар дээрлик колдонулбай келет. Бүгүнкү күнү өлкөнүн маалымат чөйрөсүндө памфлет жана фельетон жанрларына кабарчылар кайрылбай калган.

Мамлекеттик гезиттерде жанрлардын айрым түрлөрүнө басым жасоо багыты жеке менчик гезиттерден айырмаланып турат. Мамлекеттик маалымат каражаттарында жанрлардын арасынан өзгөчө кабарлар көп колдонулат. Ал эм өлкөдөгү маанилүү окуяларга байланыштуу гезит беттеринде аналитикалык отчет, аналитикалык интервью сыяктуу материалдардын чыкканын байкаса болот. Албетте, аналитикалык макалалар кыскача жаңылыктарга салыштырмалуу азыраак чыгат. Бирок мамлекеттик гезиттер аналитикалык жана маалыматтык жанрлардын бардык түрлөрүн колдонууга аракет кылууда.

Жеке менчик гезиттерде болсо маанилүү окуялар корреспонденция, комментарий, сурамжылоо, интервью, репортаж, криминалдык хроника сыяктуу жанрлар аркылуу чагылдырылат. Жанрлардын ичинен көпчүлүк учурда кабарлар өзгөчө орунду ээлеп, адатынча гезиттердин экинчи жана үчүнчү беттеринде жайгашып, эң көп окумдуу жанрлардын бири болуп саналат. Кабарлар менен корреспонденция гезиттин жаңылыктар топтомун түзүп, кээде ар кандай аталыштагы рубрикалардын ичинде чыгарылат. Мисалы, «Алиби» гезитинин бир санында кабарлар «Топ майда» рубрикасында чыкса, кийинки жолу «Күн бүгүн» рубрикасында орун алышы мүмкүн. Мындан сырткары учурда гезит жана журналдардын негизги жанрларынын бири интервью болуп саналат. Бул жанр кээ бир учурларда басымдуулук кылып, корреспонденция менен кабарларга салыштырмалуу көбүрөөк чыгарылат.

Белгилей кетсек, жаңылыктар менен биргеликте аналитикалык материалдар дагы кеңири колдонулганы байкалат. Бүгүнкү күнү республикада жаңы коомдук-саясий процесстер жүрүп, аларды чагылдыруу терең анализдөөнү талап кылат. Мисалы, Кыргызстандын Евразиялык Экономикалык Биримдикке 2015-жылдан баштап кирүүсү [1, с. 6], мамлекеттин бул биримдикте ээлеген орду жана экономикалык абалы тууралуу маселелер гезиттин беттеринде жаңылыктар менен гана чектелбеши керек эле. Ушундай жагдайга байланыштуу аналитикалык макалалар маалыматтык жанрдагы материалдардан кем калбай, коомдук-саясий гезиттердин өзгөчөлүгү болуп калды. Мисалы, «Алиби» гезитине контент-анализ жүргүзсөк, айрым учурларда аналитикалык материалдар макалалардын негизги бөлүгүн түзүп, коомдук-саясий процесстерди терең анализ менен чагылдыруу гезиттин маанилүү багыттарынын бири болуп саналат. Ошондуктан «Алибинин» сандарында аналитикалык интервьюлардын көп кездешкенин байкаса болот. Материалдардын жалпы саны боюнча аналитикалык интервью менен биргеликте аналитикалык макалалар да кеңири чыгарылып турат.

Маалыматтык жана көңүл ачуучу гезиттерде жаңылыктар, интервью жана сурамжылоо сыяктуу материалдар абдан көп колдонулганы байкалат. Бирок мындай мезгилдүү басылмалардын беттеринде аналитика жанрындагы макалаларды табыш өтө эле кыйын. Мисалы, «Супер-инфо» гезитинин жанрдык курамынын өзөгүн жаңылыктар жана корреспонденция түзөт. Интервью болсо «Дил маек», «Апта каарманы», «Үйдө конокто» ж.б.у.с. рубрикаларда чыгарылып, гезиттин окумдуулугун арттырган материалдардын катарына кирет. Белгилей кетчү нерсе, бардык жанрлар фотоиллюстрациялар менен коштолуп, фотоматериалдар макалаларга өзгөчө динамиканы берип турат.

Кыргыз гезиттердин мазмунун анализдеп көрсөк, жалпы тенденцияларды байкаса болот. Бүгүнкү күнүн мезгилдүү басылмалардын аудиториясынын контингенти ар кандай. Алардын ичинен республиканын саясий турмушу менен кызыккан окурмандар аудиториянын чоң сегментин түзүшөт. Саясий процесстердин жана окуялардын маанилүүлүгүнө байланыштуу окурмандардын саясатка кызыгуусу артып, башка тематикалардын көмүскөдө калган учурлары арбын. Орто Азиянын башка мамлекеттерине салыштырмалуу кыргыз гезиттери эгемендүүлүк жылдарында сөз эркиндигине көбүрөөк ээ болуп, коомчулуктун ой пикирин керектүү багытта кармап турууга мүмкүнчүлүгү чоң экени көрүнүп турат. Өлкөдөгү саясий окуяларды чагылдырууда окуяга баа берүү, сын пикир айтуу аркылуу жергиликтүү окурмандардын аң сезимине керектүү нукта таасир тийгизүүгө чоң мүмкүнчүлүктөр ачылып, бул жерде терең анализди талап кылбаган жаңылыктарга, такталбаган маалыматтарга басым жасалат.

Кыргызстан эгемендүүлүктү алгандан бери кыргыз журналистикасында маалыматты жазуунун өзгөчө стили, ыкмасы калыптанып калган. Гезиттердин азыркы кезде колдонгон тили жана речтин стили коомдун айрым бөлүгүнүн азыркы учурдагы менталитетин чагылдырып турат. Автордук позицияны билдирүү, сын пикирлерди жазуу, оозеки речтин стилин жана жаргондук сөздөрдү колдонуу көпчүлүк кыргыз гезиттерине таандык көрүнүш. Мисалы, «Фабула», «Алиби», «Ачык саясат» сыяктуу гезиттер аудиторияны тартуу үчүн фактологиялык маалыматтар менен гана чектелбейт. Себеби эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында «Асаба»

гезити чыккан мезгилден баштап автордук позицияга, саясий сарказмга жана окуяга баа берүүгө кызыкдар болгон окурмандардын аудиториясы түзүлүп калыптанып калган.

Окуяга баа берүү, сын пикир айтуу, фактыларды териштирбөө, ушак сөздөргө орун берүү өзгөчө саясатчыларга байланыштуу материалдарда көп кездешет. Бул жерде маалыматка эмоционалдык-экспрессивдик тон берилип, макалаларга бүйүрдү кызыткан темалар коюулуп, саясий сарказм колдонулат. Мисалы, «Эркектерге ишенбей жалаң сулуу келиндердин энчисине айланган Башкы прокуратура» [2, с. 5], «Узакбаевдердин уйкусу качууда» [3, с. 2], «Лаврованын «лафа» жашоосу» [4, с. 2]. Албетте, окуяга баа берүү, сындоо, комментарий берүү жана автордук позицияны билдирүү ар бир редакциянын саясий позициясынын чегинде гана ишке ашырылат. Ошентип жеке менчик гезиттер расмий көз карашты билдирген мамлекеттик маалымат каражаттарынан деле айырмасы жоктой көрүнөт. Себеби мамлекеттик гезиттер өкмөттүн саясатын жүргүзсө, мамлекеттик эмес гезиттер болсо макаланы кожоюнунун кызыкчылыгынын чегинде гана даярдайт.

Маалыматтык жана көңүл ачуучу гезиттердин ичинен «Супер-инфо» учурда коомдогу колдонулуп жаткан тилдин абалынын күзгүсү болуп, өзгөчө жаш окурмандардын арасында тилдин маданиятына өз таасирин тийгизип турат. «Супер-инфо» гезити кеңири жайылуусу жана популярдуулугунун артуусу менен өзүнүн көп тираждуу гезит катары статусун бекемдеп, маалыматты кыска, жөнөкөй жалпак тил менен жеткирип, окурмандардын чоң аудиторясына ээ болууда. «Супер-инфо» гезити өзүнүн тандаган тематикасы, визуалдык элементтери, тилдин өзгөчөлүктөрү жана маңызы жагынан саясий бир позицияны кармабаганы менен көптөгөн окурмандарын сактап калууда. Айрым жеке менчик гезиттер өзүн бийликке лоялдуу маалымат каражаты катары көрсөтсө, кээ бирлери окуяларды оппозициялык көз караш менен чагылдырып, тигил же бул саясатчынын же саясий топтун кызыкчылыгын көздөп келет. Гезиттер үчүн мындай абал аудиториянын сегментинин кыскаруусуна түрткү болушу мүмкүн. Себеби окурман гезиттин позициясын билип, ага кызыкпай коюшу ыктымал. Ошондуктан гезиттин экономикалык саясатына байланыштуу окурмандарды жоготуп албоо үчүн «Супер-инфо» сыяктуу маалымат каражаттар кайсы бир саясий позицияны карманбай, өлкөдөгү окуяларга автордук позициясын, сын пикирин билдирбей келишет.

***Литература***


1. *Тыналиев М.* Бардык жолдор Бажы союзуна алып барат / М. Тыналиев // Кыргыз Туусу. 2014. 28 нояб.
2. Мелис Совет уулу. Эркектерге ишенбей жалаң сулуу келиндердин энчисине айланган Башкы прокуратура // Жаны Агым. 2015. 16 янв.
3. Узакбаевдердин уйкусу качууда // Жаны Агым. 2014. 18 июля.
4. Лаврованын «лафа» жашоосу // Жаны Агым. 2014. 5 дек.